
# Наристе

6+

машайакчылардын балдарга арналган журналы

4

2021



ЖАЛКООЛУК ЖАГЫМСЫЗ ЖАГДАЙЛАРГА АЛЫП КЕЛЕРИН МЕН ЭМИ БИЛЕМ.

# КАЛЫП КАЛГАН ТАМГАЛАР

Ар бир сөздөгү калып калган тамганы жаз. Жогорудан төмөндү карай окусаң бир сөз келип чыгат, андан журналдын бул номери эмне жөнүндө экенин билип аласың.

| | | |
|---|---|---|
| ТЫНЧ | _ | ЫК |
| ЧЫНД | _ | К |
| КУ | _ | УУЧУ |
| ЫЙ | _ | КТЫК |
| АДА | _ | УУ |
| ЗАБУР | _ | У |
| ЧЫД | _ | МДУУЛУК |
| ЖАР | _ | ТУУЧУ |
| АРТЫ | _ | ЧЫЛЫК |
| ТУНГУЧ | _ | УК |
| ЖАР | _ | К |
| ЧЫРА | _ | ТАН |




*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*



# ТЕҢИР БОЛОТ ЫРААЗЫ

Тереземе келип конду
Кичинекей таранчы,
«Кана мага жем салгыч?» – деп,
Же ал сурап жатабы?

Күкүмдөрдөн салып бердим,
Суу да бердим, карачы.
Тоюп алып учуп кетсин,
Кичинекей таранчы.

Кудайыма жаккан ишти
Кылуу мага эң жакшы.
Кубандырсам чымчыкты мен,
Теңир болот ыраазы.

# МАМАЛАК

Малина жеп мамалак,
Жыргап күнгө кактанат.

Жай күнүндө жаткыдай,
Жалкоо эмес мамалак.

Бир аз жейт да андан соң,
Себетине чогултат.

Достору менен бөлүшүп,
Башкаларды кубантат…

Түштөн ооп кеткен тура,
Күттү го, – дейт, апам да, –

Шашылайын апакемди
Салбай сары санаага.

Күтсө керек мени апам,
Курсагы да ачты деп.

Чуркайын да, малинамды
Жеткирейин тезирээк.

Үйдө отуруп анан биз
Малинаны көп жейбиз.



*Сүрөтүн тарткан – Татьяна КОСТЕЦКАЯ*

# БОРООН

*Вера КУШНИР*

Бул көп убакыт мурда болгон окуя. Бир фермер жайкыга жардамчы издеп жаткан экен. Бир топ бала каникул учурунда аныкына бармакчы болушат. Фермер болсо алардын арасынан бирөөнү тандап алмак.

Фермердин көңүлү таза, тыкан кийинген, көздөрү ишенимдүү, жылмаюусу жагымдуу бир балага бурулуп, анын жанына басып келет. Бала башка балдардын арасынан бир аз алдыга чыгып, анын бардык суроолоруна жооп берүүгө камданып калат.

– Сенин атың ким? – деп сөз баштады фермер.

– Бектур, – деп жооп берди бала.

– Кана, Бектур, айта бер, эмне иш кылганды билесиң?

– Мен катуу шамал, үрөй учурган бороон болуп жатса да, кебелбей уктай бере алам.

Бул жоопко фермер таң калды. Баланы иш жүзүндө сынап көрүүнү чечип, чөп чаап жыйноого жардам берсин үчүн, жалдап алды. Бектур жакшы иштеп, баарын мыкты жасайт экен, фермер буга ыраазы болду.

Бир күнү түн ичинде, баары уктап жатышканда, катуу шамал башталат. Фермер сарайдагы үйларын, ачык асман астында калган чөптөрүн ойлоп, ордунан ыргып турду.

Анан Бектурга чуркады. Бектур үйдү шамал кулатчудай кычыратып жатса да, жуурканын чүмкөнүп кебелбей уктап жаткан экен. Фермер аны жулкулдатса да, ойгонбой койгондуктан, короодогу чөбүн көздөй өзү чуркады…

Жетип барса, сарайдын эшиктери бекем жабылып, илгичтери мыкты бекитилип, тырмоок, айры жана башка шаймандар сарайга эбак киргизилип, үйлар эч капарсыз кепшеп жатышыптыр. Чөптүн үстү брезент менен жабылып, бурчтарына кадалган шакекчелер жерге мык менен кагылыптыр. Ошондуктан чөптү шамал да учургудай эмес, жамгыр да өткүдөй эмес. Муну баарын көргөн фермер таң калып туруп калат.

Бектурдун бороондо кебелбей уктай алам деп эмне үчүн айтканын фермер ошондо түшүнгөн экен. Бектурга барса, ал дагы деле эч капарсыз уктап жатыптыр. «Өз ишин талап кылынгандай аткарып койсо шамалдын эмнесинен коркмок эле?!» – деп ойлогон фермер жылмайып, балага ыраазы болгон бойдон уктаганы кеткен экен.



*Сүрөтүн тарткан – Татьяна КОСТЕЦКАЯ*

НАРИСТЕ 4/21

# Аракетчилдик жөнүндө

Сулаймандын Накыл сөздөр китебинде эмне жөнүндө көп айтылганын билесиңби? Ал китепте Кудай биздин жашообузду кандай көргүсү келери жөнүндө накыл сөздөр, макал-лакаптар топтолгон. Тагыраагы, Кудай Сулайманга адамдын күнүмдүк жашоосу жөнүндө айткысы келген эң маанилүү сөздөрдү топтоону буйруган. Библиянын бир китебинде топтолгон накыл сөздөрдө көбүнчө эмне жөнүндө айтыларын эстедиңби, же түшүндүңбү? Анда акылсыздык жана жалкоолук жөнүндө айтылган.

Ооба, ооба, таң калбай эле кой. Жашоодо акылсыз жана жалкоо болгондон коркунучтуу нерсе жок. Эгер адам башкалардын мүлкүнө көз артса, күнөөкөрлөргө көз артса, Кудай Сөзүн укпаса, ата-энесинин кеңештерин уккусу келбесе, Ыйык Жазуу андайды акылсыз деп атайт. Эмне үчүн? Анткени андай кылган киши эч качан ийгиликке жетпейт, өмүр бою азап тартат, акыры эч нерсеси жок калат, анан аны... Эми, сен Кудайга ишенбеген, Аны уккусу келбеген адамдарды эмне күтүп турарын өзүң билесиң да.

Жалкоо адам да так ошондой. Ыйык Жазуу эмне дээрине кулак салчы: «Жалкоо, качанга чейин уктай бересиң, качан ойгоносуң? Бир аз уктай турсаң, колуңду бооруңа алып, үргүлөп, бир аз жата турсаң, жакырлыгың жолоочудай, муктаждыгың каракчыдай кирип келет». Жалкоо адамга Кудай кумурсканы мисал келтирген: «Жалкоо, кумурскаларды кара, алардын иш-аракетин көр, анан акылыңа кел. Алардын башчысы да, көзөмөлчүсү да, өкүмдары да жок. Бирок алар өздөрүнүн нанын жайында камдап алышат, өздөрүнүн азыгын оруу-жыюу маалында жыйнап алышат».

Кудай Сөзү акылсыздар менен жалкоолорду бир катарга коёрун көрдүңбү? Ал жалкоого аракетчилдердин кандай иштеп жатканын карап, акылдуулук менен иш кылууну чечиши керектигин айтып жатат.

Жумуштан кийин эс алган кандай жакшы! Бүтүрүп койгон ишиңди, жыйнап койгон бөлмөңдү, бакчадагы түшкөн жалбырактарды чогултуп койгонуңду, велосипедиңдин оңдолгонун же үй тапшырмаңды убагында аткарып алганыңды көрүү жагымдуу! Жалкоолук болсо жалаң гана көңүл чөгүүгө туш кылат. Ошондуктан Жаңы Келишимде да элчи Пабыл ишенгендерге өз ишин адамдар үчүн эмес, Теңир үчүн кылгандай, кубаныч менен кылышы керектигин, өзүнө эле жеткидей эмес, муктаж болгондорго да жардам бере алгыдай болуу үчүн, өз колу менен эмгектенүүлөрү керектигин жазат.



*Султан КАДЫРБЕКОВ*

# ИЙБАДАТКАНАНЫН КУРУЛУШУ

*Султан КАДЫРБЕКОВ*

Персия падышасы Корештин башкаруусунун биринчи жылында Теңир падышанын жүрөгүнө Иерусалимдеги Кудайдын ийбадатканасын калыбына келтирүү каалоосун салган. «Теңир кимди Иерусалимге барып, ийбадатканаы курууга чакырып жатса, мен ошолорго жардам берем», – деген Кореш. Ал Небухаданасар Иерусалимди талкалаганда Теңирдин ийбадатканасынан алып кеткен бардык алтын жана күмүш идиштерди падышанын кенч сактоочу жайынан алып чыгууга буйрук берген. Казыначы Иерусалимге кайтып келген жүйүттөргө баарын тизме боюнча алып чыгып берген.

Кырк миңден ашуун киши туткунга келген өлкөдөн Зоробабыл менен башкы ыйык кызмат кылуучу Жашыянын жетекчилиги астында чыгып кетишкен. Алар өздөрүнүн таланып-тоналган жерине келип, шаарларына отурукташышкан. Ошол шаарлардан жетимиш жыл мурда алардын ата-энелерин туткунга алып кетишкен эле. Жети айдан кийин, алар биз аз жайгашып, отурукташып калган соң, Кудайга арнап ийбадаткана кура баштоо чечими чыгарылган. Алар курулушту алгач курмандык чалынуучу жай куруп, анда мыйзам боюнча белгиленген курмандыктарды чалуудан башташкан. Курмандык чалынуучу жайды ал Сулайман курган ийбадатканада турган жерине коюшкан.

Тир падышасынан кедр жыгачтарын сатып алуу жана таш кыноочулар менен курууучуларга эмгек акы төлөөгө мүмкүнчүлүк болушу үчүн, адамдар ыйык кызмат кылуучуларга көп курмандыктарды алып келишкен. Жалпысынан, курмандыктар көп убакытта чогулган. Жүйүттөр мекенине кайтып келишкенине эки жылга караганда гана ырлардын, сыйынуулардын жана бүтүндөй элдин кубанычтуу үндөрүнүн коштоосунда жаңы ийбадатканнын пайдубалын коюшкан.

Чындыгында, бул ийбадаткана көлөмү, архитектурасы жана курулуштун өлчөмү жагынан мурдагы ийбадатканага жеткен эмес. Ошондуктан мурдагы ийбадатканаы көргөн карыялар азыр кандай ийбадаткана курулуп жатканын карап алып, ыйлашкан. Бирок алардын ыйы курууучулардын: лебилердин, ыйык кызмат кылуучулардын жана курулуштун башталышы майрамына чогулган бүтүндөй жүйүт элинин кубанычын төмөндөтө алган жок.



*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*



Ал кезде Самариянын шаарларында, башкача айтканда, бир кезде Ысрайылга таандык болгон аймакта, ар кандай элдердин өкүлдөрү жашашчу. Аларды бул жакка Ысрайылды басып алып, он уруусун туткунга алып кеткен ашурлуктар көчүрүп келишкен. Ошол бутпарас адамдар да ийбадаткананын курулушуна жардам бергилери келген. Ысрайылдын Кудайына табынган (өздөрүнүн кудайлары менен катар эле алар чыныгы Кудайга да табынып, Аны өздөрү көчүрүлүп келген жердин Кожоюну деп эсептешкен) алар ийбадаткананын курулушуна жардам берсек болот деп ойлошкон. Бирок жүйүттөр алардын жардамынан баш тартышкан. Ошондо буга капа болгон бутпарастар курулушка тоскоолдук кылууну чечишкен. Алар Кореште кийин бийлик кылган Персия падышасына кат жазып, жүйүттөргө падышага каршы чагым уюштуруп жатышат деп жалаа жабышкан.

Артакшашта падышага бул кабар жаккан эмес. Ал өзүнүн төрөлөрүнө бул ишке кийлигишип, курулушту токтотууга буйрук берген.

Башында куруучулар коркуп, курулушту токтотууну чечишкен. Бирок кийинчерээк Акай менен Захария пайгамбарлардын сөздөрүнөн дем-күч алган алар курулушту кайра улантышкан (бул пайгамбарлардын сөздөрүн Библиядагы алардын аты менен аталган китептерден таап окусаң болот).

Иш тездик менен жүрүп жатты. Чеберлер кескен чоң-чоң таштар катар-катар тизилип, тиреөчтөр орнотулуп, галереялар менен тосмолор курулган. Душмандар курулуштун уланып жатканын, анан калса тездик менен жүрүп жатканын көргөндө, борбор шаарга арыз жөнөтүшкөн. Ал кезде болсо Персиянын падышасы Дарий болчу.

Дарий падыша Иерусалимдеги ийбадаткананы курууга ким уруксат бергенин билүүнү буйруган. Өзүнүн кулдарын кенч жана документтер сакталган жайга жиберген. Алар көпкө издеп, акыры керектүү түрмөк китепти табышкан. Түрмөк китепте болсо: «Эстетүү үчүн: Кореш падышанын падышачылыгынын биринчи жылында Иерусалимдеги Кудай үйү тууралуу Кореш падыша мындай буйрук берген…» деп жазылыптыр. Кыскасы, ал жерде уруксат эле берилбестен, ийбадаткананын курулушуна жана жумушчулардын тамак-ашына мамлекеттик казынадан акча бөлүү жөнүндө буйрук да бар эле.

Ошондо Дарий падыша курулушка жолтоо болуп жаткандарга болжол менен мындай жооп берген: «Алардын курулушуна жолтоо болууну токтотуп эле тим болбостон, Иерусалимдеги Кудай үйүнүн курулушу үчүн зарыл болгон нерсенин баарын төлөй турган салыгыңардын эсебинен бергиле».

Ошентип Дарийдин падышачылык бийлигинин алтынчы жылында Иерусалимдеги Кудай үйүнүн курулушу бүткөн. Ийбадаткананын ыйыкталышын майрамдоого шаарга бүтүндөй эл чогулган. Аны менен катар ачыткысыз нан майрамын, башкача айтканда, Пасах майрамын кубаныч жана шаттык менен белгилешкен. Бардык жумушчулардын, куруучулардын, сүрөтчүлөрдүн, скульпторлордун ишине батасын берип, Теңирдин даңкына үй курууга уруксат бергени үчүн, эл Кудайга ыраазычылык билдирген.

### Кандай деп ойлойсуң?

1. **Эмне үчүн Кореш Иерусалимде Кудайдын үйүн курууга уруксат берген?**
2. **Эмне үчүн жүйүттөр Самариянын жашоочуларынан жардам алгылары келген эмес?**
3. **Эмне үчүн Дарий падыша курулушту улантууга эле уруксат бербестен, куруучулардын тамак-ашы жана эмгек акысы үчүн падышанын казынасынан акча бөлүүнү буйруган?**

**Бул окуя Эзра китебинин 3-6-бөлүмдөрүндө баяндалган.**

# Ийбадаткананын калыбына келтирилиши


**Оюн талаасындагы көптөгөн тамгалардын арасынан Эзра китебинин 3-6-бөлүмдөрүндө ийбадаткананын калыбына келтирилиши жөнүндө баяндан алынган сөздөрдү тап.**

**Сөздөр солдон оңго, оңдон солго, өйдөдөн ылдый карай жана ылдыйдан өйдө карай жайгашкан.**

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ф | И | Е | Р | У | С | А | Л | И | М | Я | Т | З | К | Р | О |
| К | С | А | Ю | Ф | У | М | Т | Ү | Ю | З | Х | О | Г | Т | Ж |
| Е | П | Й | К | У | Р | У | У | Ч | У | Л | А | Р | М | Б | А |
| Д | К | П | Е | М | Н | К | И | Д | А | О | Ю | О | Е | Э | Ш |
| Р | У | Г | Н | Л | А | Ю | О | У | Д | Г | Ш | Б | Л | Д | Ы |
| А | Т | Р | П | А | Й | Г | А | М | Б | А | Р | А | Ы | Ю | Я |
| К | Ү | Т | А | Е | Л | Ө | Ч | А | П | Ю | И | Б | Ө | О | Л |
| Ы | А | М | Й | Д | А | Ю | К | Л | Н | Г | Е | Ы | М | П | Й |
| Д | Й | Я | Д | Е | Р | О | Л | Й | М | Т | Н | Л | Ж | Т | Д |
| Н | Х | З | У | Ю | Г | Т | П | А | С | А | Х | Т | Ф | Е | Р |
| А | Д | Б | Б | Г | Э | Л | Д | Е | Р | Л | Н | А | Ю | Д | Е |
| М | И | Ю | А | Р | О | Г | Л | Е | Б | И | Л | Е | Р | К | Т |
| Р | Е | Х | Л | М | К | Д | Ж | Д | Ш | Ө | П | Д | Г | Ю | Ш |
| У | Т | П | О | Г | Ю | Я | Е | Ү | З | Х | Т | М | Д | О | И |
| К | У | Д | А | Й | Д | Ы | Н | Ү | Й | Ү | К | У | Ц | Ю | Д |
| А | Ф | Л | М | Ю | А | Н | А | К | Т | А | Д | А | Б | Й | И |

## Билесиңби?

Жаны тынбаган аары өмүрүнүн аягына чейин 1/12 чай кашык бал чыгарарын билесиңби?






*Сүрөтүн тарткан – Валерия КАЛИЩУК*



# БОЛУШУНЧА ЖАКШЫ КЫЛ



*Аракетиңерден жазбагыла.*
Рим. 12:11







Сен бир нерсе курсаң дагы
Идиш-аяк жуусаң да,
Ар бир ишти болушунча
Тырыш жакшы кылганга.

Эртең менен эрте туруп,
Кечке чейин талыкпай,
Кумурскадан үлгү алып
Аракет кыл, талыкпай!

Кудай бизди бир Өзүнө
Окшош кылып жараткан.
Демек көп иш кыла аласың,
Аракетти жумшасаң.

Башкаларга салыштырба,
Кыйналсаң да, өзүңдү
Эң башкысы – эмгектенип,
Кубандыруу Теңирди.

Кудай эркин аткарсаң сен,
Андан мактоо угасың:
«Ыраазымын, жакшы кул!» – деп,
Теңир берет батасын.

Сен бир нерсе курсаң дагы
Идиш-аяк жуусаң да,
Ар бир ишти болушунча
Тырыш жакшы кылганга.





*Сүрөтүн тарткан – Елена МАМАЕВА*



# Апамдын канча колу бар?

Бир мектепте окуучулар эненин колу жөнүндө, эненин колу кандай жумуш аткарары жөнүндө дил баян жазышы керек эле. Анара аттуу кыз жазган дил баянды мугалим үнүн чыгарып окуп берген экен.

*Айтып берген*
*Элвира КАДЫРБЕКОВА*



*Сүрөтүн тарткан – Катерина ПРАВДОХИНА*

# УШУНЧА КӨП БАЛЫК!


**Деги, тор айрылып кетпесе экен! Бул жерде Лука жазган Жакшы Кабардагы (5:1-11) үзүндүдөн этиштер жашырылган. Аларды таба аласыңбы?**

ТИГИНЕН:

1. Ал көлдө турган эки кайыкты …...
2. стат, биз түнү бою ………., эч нерсе кармай алган жокпуз.
6. Балыкчылар болсо торлорун …. жатышкан.
8. Ошондо алар … ……, экинчи кайыктагы жолдошторун жардамга чакырышты.
9. Ошондо Ыйса Шымонго: «Коркпо, мындан ары ……… кармайсың», – деди.
10. Ыйса анын кайыгына түшүп, андан жээктен бир аз нарыраак сүзүп баруусун ……
13. Бирок Сен айтып жаткан соң, торду ……., – деди.

ТУУРАСЫНАН:

3. Муну көргөн Шымон Петир Ыйсанын бутуна .......
4. Кайыктан ...... балыкчылар болсо...
5. Ал сөзүн ........ кийин,
7. Ыйсанын артынан ...... жөнөштү.
11. Алар эки кайыкты тең жээкке чыгарышты да, бүт баарын ……,
13. Балыктын көптүгүнөн тор …… баштады.



*Сүрөтүн тарткан – Валерия КАЛИЩУК*



# Бөжөк Пим тыйын чычкан Пети

*Диана МОЦЬО*

***4-Бөлүм***



1. «Тур, ушунча да көпкө уктайсыңбы!» – деп ойготту Пимди апасы. Ал бир капталынан экинчи капталына оодарылып, жаздыкка мурдун катты. Апасы уулун көпкө ойготту, уулу араң дегенде ойгонду. Пимдин маанайы жакшы эмес эле.



2. Түштөн эбак оосо да, ал төшөгүндө дагы оонап жата тургусу келди. Нааразы болуп жатканы кебетесинен көрүнүп турат. Апасы мөмө терип келгени талаага жумшаганда, ал наалый баштады. Пимдин такыр баргысы келбей жатты!



3. Ошентсе да, себетти алып, талааны көздөй илкий басып жөнөдү. Аңгыча кулагына көпөлөк конду. Бөжөк аны кармамакчы болду, бирок аны кармаш оңой эмес да. Көпөлөктүн артынан көпкө кубалап жүрүп, токойдун тээ алыс жагына кирип кеткенин байкабай калды.



4. Караңгы кире баштады. Пим артты көздөй чуркады, бирок караңгы аябай кирип кеткендиктен, жолун таба албай калды. Бөжөк апасынын тилин албай койгонуна өкүндү. Жалкоолук аны жагымсыз жагдайларга туш кылды.



5. «Жалкоолонуп жата бербегенде, мөмөлөрдү эчак терип бүтүп, үйгө жетип калмакмын», – деп ойлоду бөжөк он талаа болуп аккан көз жашын сүрүп, туш келген жагына бара жатып. Үйүндө, апасынын жанында болуп калууну кандай гана самабады дейсиң!



6. Аңгыча Пим бир үйдү көрдү. Терезесинен жарык күйүп турат. Эшик ачылып, үйдөн бир кыз чыкты. «Ой, коён!» – деп кыйкырды кыз. Кыздын артынан чоң энеси жана токойчу чоң атасы чыгышты.



7. Чоң эне калтырап жаткан бөжөктү колуна алып, үйгө алып кирип, даамдуу сабиз берди. Кыз Пимди жылуу жуурканга ороп койду. Чарчаган, көңүлү чөккөн бөжөк бат эле уктап калды.



8. Эртең менен ойгонгондо, Пим өзүнүн кайда экенин дароо түшүнө алган жок. Анан кечээ эмне болгонун эстеди. Үйүнө, апасына аябай баргысы келди. Чоң эне менен кыз Пимге капуста берип, курсагын тойгузушту да, эркиндикке коё берип коюшту.




9. Күн жаркырап тийип турган, ошондуктан бөжөк жолду дароо таап, себетин калтырып койгон талааны көздөй секирип жөнөдү. Үйгө куру кол баргандан уялды, ошондуктан мөмөлөрдөн бат-бат терип, үйүн көздөй жүгүрдү.



10. Үйүнө жакындаганда, секичеде ыйлай берип чарчап отурган апасын көрдү. Ал жүгүрүп барып, апасынын кучагына боюн таштады. Жалкоолугу жана тил албастыгы үчүн бөжөк апасынан кечирим сурады. Апасы уулун бек кучактап, албетте, кечирди…

*(Уландысы бар)*




*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*


# КРОССВОРД

Туурасынан:

1. Асман ачылганда Ыйсага эмне түшүп келген? (Мт. 3:16)
2. Захарияныn аялы (Лк. 1:5)
5. Ыйса Кимден келген Устат? (Жкн. 3:2)
6. Ыйсанын энесинин аты (Мт. 1:18)
10. Ыйсаны ким чөмүлдүргөн? (Мт. 3:13-15)

Тигинен:

3. Жакан кайсы дарыяда чөмүлдүргөн? (Мт. 3:6)
4. Жакандын атасынын аты ( Лк. 1:13)
7. Ыйса кайсы падышанын убагында төрөлгөн? (Мт. 2:1)
8. Синагогадагы пайгамбар аял (Лк. 2:36)
9. Ыйса чөлдө канча күн сыналган? ( Мт. 4:1-2)
11. Шайтан Ыйсаны канча жолу сынаган?




*Түзгөн: Улук-Беков Сулайман. 10 жаш.*
*Кызыл-Аскер жыйыны.*

## Билесиңби?

Кундуз аттуу жаныбарды тырышчаак жаныбар деп атоого болорун билесиңби? Алар дарактарды кыркып кулатышат, көп бөлмөлөрү бар үйлөрдү курушат, кышкыга тоют камдашат, көлмөлөрдүн агымын буруп, плотиналарды тургузушат.



# Библиялык табышмактар



## 1.

Көп сөздөрдү ал билген:
Куш, балыкка ат койгон.
Бардык жандык, гүлдөргө да
Түркүн ысым ойлонгон.
Биз билбеген курт-кумурска –
Калтырбаган унутта.
Ысым койгон баарына,
Анын аты – ____ ___.



## 2.

Эң биринчи ким ойногон
Кыяк менен чоорду?
Билбесен аны билип ал,
Ал атактуу – _____.

## 3.

Апасы сурап Кудайдан,
Ал үчүн дайым сыйынган.
Кудайга кызмат кылган ал,
Өспүрүм бала ______.





## 4.

Чөлдө үнү жаңырып,
Тобо кыл деп чакырган,
Чөмүлдүрүп Иорданда
Жүргөн адам ал – _____.

## 5.

Өтө бай, өтө акылдуу,
Өзгөчө болуп баарынан,
Кудайга арнап үй курган
Дөөттүн уулу ________.



*Сүрөтүн тарткан – Яна СУЛТАН*

# Микутайдын абийири

*Лира КАЛЫЙБЕКОВА*

*(Уландысы. Башталышы 3/21де)*



Бир жолу ишембиде, Мирбектин ата-энеси үйдө жокто, чоң энеси азык-түлүк сатып келгени дүкөнгө барганы жаткан:

– Микутай, жүрү мени менен барып кел, экөөбүз барсак көңүлдүүрөөк болот.

– Коюңузчу, чоң эне! – деди бала. – Азыр мага Марат келет.

Чоң энеси жалгыз барышка аргасыз болду. Ал бир баштык толтура азык-түлүк көтөрүп келди. Тепкичтен чыгыш үчүн этаждардын ортосундагы аянтчаларга токтоп, бир аз тынып жатты. Аңгыча үстүдөн топураган үн угулду. Өйдө караса, тепкичтерден секирип-секирип, Мирбек көңүлдүү түшүп келе жатыптыр.

– Ой, чоң эне, бат эле келип калдыңызбы? – деп кыйкырган ал анын жанынан өтүп кетип калды.

– Кайда жөнөдүң, Микутай? – деп небересинен сураганга араң үлгүрдү чоң эне.

– Тышка чыгып ойноп келем! Мени балдар күтүп жатышат, – деп жооп берди Мирбек эч нерсени ойлонбой.

Чоң энеси үшкүрүп алды да, баштыгын көтөрүп, тепкичтерге буттарын оор таштай, үстүгө жөнөдү.

Каалашынча чуркап ойноп чарчаган Мирбек үйгө араң жетти. Бөлмөгө кирери менен эле диванга кулады. Чоң энеси чарчаган баланы аяды. Ага



куртканы чечкенге жардам берип, андан соң [illegible]
[illegible] ады.

– Сен таптакыр эле чарчагансың го, неберем. Курсагың да ачкандыр? – деп эркелете сурады ал Микутайынан. – Мен сага даамдуу шире сатып келгем. Ичесиңби, куюп берейин?

– Ичем, чоң эне, – деп жооп берди бала.

Чоң энеси ашканада жүргөндө Мирбек да ойлонуп кетти: «Чоң энем деле чарчаса керек. Карачы, абдан оор баштыкты жалгыз көтөрүп келиптир... Чоң энем менен дүкөнгө чогуу барып келсем болмок экен». Микутайдын ички үнү: «Сенин кылганың жакшы эмес, Кудай сенин жоругуңа капа болду», – деп жатты. – «Бирок мен аябай шашып жаткам да, көчөдө мени балдар күтүп жатышкан да, – деп ал өзүнө өзү актанып кирди. – Чоң энем дүкөнгө менсиз деле далай жолу барып жүргөн. Барса эмне экен», – деп башка бир жагымсыз үн Микутайдын ичинде шыбырагандай болду. Бала чоң энесин да, өзүн да аяп жатты. «Мен экиге бөлүнүп кете албайм да!» – деп өзүн тынчтандырып койду ал.

Аңгыча чоң энеси Микутайына бир стаканга шире куюп келип калды, бирок Мирбектин аны ичкиси келген жок. Жүрөгү уйгу-туйгу боло берди.

– Ичким келбей калды… – деп үнүн араң чыгарды бала чоң энесинин көздөрүнө тике карабоого аракет кылып.

– Ооруп калган жоксуңбу? Анча көп чуркабаш керек болчу, – деп тынчсызданды чоң эне анын тердеп чыккан чекесин алаканы менен басып.

Бирок Микутай эмнеси ооруп жатканын жакшы билип турду. Анын «абийири» ооруп жаткан. Чоң энеси муну билсе кана! Чоң энесине жүрөгүндө эмне болуп жатканын кантип айтаарын билбей, бала унчуккан жок.

– Болуптур, эс алагой, берекем. Мен да бөлмөмө барып, жата турайын, – деди да, басып кетти чоң энеси.

Мирбектин көңүлү чөгүп, ичинде бир нерсе кыйнап жатты. Ал чоң энесин аябай жакшы көрчү, ошондуктан: «Мындан ары оор баштыктарды жалгыз көтөрүшүнө жол бербейм!» деген чечим чыгарды. Ал тургай, таштандыны да чогуу төгүшүп келип турам. Чоң энеси аны аяй берерин мурда эмнеге байкабады экен? Кандайдыр бир нерсе аны тынч жаткырбай койду. Ал дивандан турду да, чоң энесинин бөлмөсүнө чуркап барды:

– Уксаңыз, чоң эне, мен сизге бир нерсе айткым келип жатат.

Чоң энеси Мирбекти көңүл коё карап калды.

– Бүгүн бир бала накта бир жорукка туш болуптур, анча жакшы жорук эмес… Ал, немечи, аябай шашып жаткандыктан, чоң энесине жардам бергиси келбей коюптур. Анан азыр ал аябай кыйналып жатат. Бирок ал экинчи антпейт. Башында анын ичиндеги абийири уктап [illegible]
жаткан, анан ойгонуп, эми [illegible]
жатат, – деди [illegible] кты





толкунданган Мирбек. – Кандай деп ойлойсуз, чоң эне, ошол чоң эне жанагы жаман баланы кечиреби?

Мирбек «Ооба, кечирет» деген жоопту күтүп чоң энесинин көздөрүнө жалооруй карады. Чоң энеси жылмайып:

– Ал баланы экинчи андай кылбайт дедиң ээ? Ал баланы сен тааныйсыңбы?

– Албетте, тааныйм! Аны сиз да жакшы тааныйсыз. Ой ал биздикинде көптө-өн бери жашайт.

– Абийири аны чын эле кыйнаптырбы?

Чоң энеси Мирбектин жообуна ичинен кубанып жатты, бирок ким жөнүндө сөз болуп жатканын билбегендей түр көрсөтүп койду.

– Аябай кыйнады! – деп оор үшкүрдү Мирбек, анан бир азга унчукпай калып: – Ал тургай, абийири анын мобу жерин кемирип жеп атат. (Ал колун көкүрөгүнө коюп, көрсөттү, өзүнүн ойгонгон абийири ошол жерде экенин билдире). Анан андан жашынгысы деле келген жок, себеби Теңир баары бир бардыгын көрүп турат да…

Бир аз тынымдан кийин чоң эне небересине эңкейип, аны эркелете:


– Андай болсо, чоң энеси аны кечирет, – деди.

Мирбек сүйүнгөнүнөн жүзү жаркырап кетти. Анан чоң энесин кучактап мындай деди:

– Мен өзүм жөнүндө айтып жатканымды сиз түшүндүңүз да ээ?! Мен бүгүн туура эмес кылганда, абийирим аябай кайгырды. Азыр ал эмне кылып жатканын тапсаңыз да? Эч качан таба албайсыз! Ал азыр кубанып жатат! Мына!

– Теңир да сени менен кошо кубанып жатат, – деп жылмайды чоң энеси Мирбекти карап.

*Сүрөтүн тарткан – Елена МИХАЙЛОВА-РОДИНА*



**Сүрөттө элчи Петир камакка алынгандагы эпизоддор чагылдырылган (Элч.иш. 12:1–17).**
**Текстти окуп чыгып, сүрөттөрдүн астындагы торчолорго андагы кыймыл аракетти билдирген этиштерди жаз.**







Адилетсиз падыша Ирод машаякчыларды куугунтуктаган. Ал элчи Петирди карматып, түрмөгө каматкан. Бүтүндөй жыйын ал үчүн сыйынып жатышкан.


Эртең сот болот деген түнү Петир катуу уктап жаткан болчу. Түрмөнү 16 аскер кайтарып турушкан, ал эми элчилердин колдоруна кишен салынган эле. Аңгыча периште пайда болуп, Петирди капталга түртүп ойготту. Петир түш көрүп жатам го деп ойлоду. Ал кийимин, бут кийимин кийип, периштени ээрчип түрмөдөн чыгып, шаардын көчөсүнө чыкты. Ошондо периште жок болуп кетти, мына ошондо Петир мунун түш эмес экенин түшүндү.

Ал ишенгендер чогулган үйдү көздөй шашылды. Петир эшикти тыкылдатканда, күң кыз көргөн көзүнө ишене албады. Ал элчини үйгө киргизди. Петир досторуна өзүн Кудай кандай ажайып жол менен куткарып калганын айтып берди.

*Сүрөтүн тарткан – Яков БУРДА*









# ТАЛАНТЫН КӨӨМП САЛУУ



*Көөмп салынган талант жөнүндө үлгү-насаат аңгемени Матай жазган Жакшы Кабардын 25-бөлүмүнүн 14-30-аяттарынан окусаң болот.*

«Талантыңды жерге көөмп салуу» дегенди уктуң беле? Бул кызыктай угулат, чынбы? Жөндөмдөрүңдү көөмп салууга кантип болсун? Жерге адамдар кенч көмүшү мүмкүн, кээде ит жерге сөөк көөмп коёт, тыйын чычкан жаңгак көөмп коёт. Бирок талантты кантип көмүүгө болот?

Ыйса Машайактын учурунда талант деп алтындын же күмүштүн куймаларын аташкан. Андай куйманын салмагы 26 килограммдай болгон. Бул болжол менен сегиз жашар баланын салмагына барабар.

Бир жолу Ыйса мындай үлгү-насаат аңгеме айткан. Бир кожоюн үйүнөн бир жакка кетип жатып, кулдарын чакырып, бирине беш талант, экинчисине эки талант, үчүнчүсүнө бир талант берет. Биринчиси менен экинчиси кожоюнунун байлыгын көбөйтүп беришет, үчүнчүсү болсо алган талантын жерге көөмп салат. Кожоюн кайтып келгенде эки кул анын акчасын кирешеси менен беришет, үчүнчүсү болсо, алган нерсесин гана берет. Ал өзүнө берилген талантты колдонбогону үчүн кожоюну наараазы болот.

«Талантын жерге көөмп салуу» деген жөндөмдөрүңдү колдонбой коюуну билдирет. Мисалы, кайсы бир баланын үнү сонун, жакшы ырдай алат, бирок ырдабайт. Кайсы бир кыз сүрөттү жакшы тартат, бирок өз жөндөмдөрүн өөрчүтпөйт. Акырындап алардын таланттары пайда алып келбей жата берип, жоголуп кетет.

Теңир бизге таланттарды бири-бирибизге кызмат кылышыбыз үчүн жана Кудайды даңкташыбыз үчүн берген. Жаратуучу таланттарыбызды Ыйсанын үлгү-насаат аңгемесиндеги жаман кулдай болуп көөмп салбай, колдонушубузду каалайт.


*Бааргүл НАСЫР*

*Сүрөтүн тарткан – Катерина ПРАВДОХИНА*



# ЗАБУРЛАР

**Забур китебинен алынган ар бир аятка ылайыктуу сүрөттү танда.**



**Забурлар – ийбадатканага бара жаткан жолдо жана ийбадатканадагы Кудайды даңктоо чогулушу учурунда ырдалган ырлар.**


1. Кудайым менен ________ ашып түшөм.



2. Теңир менин ________________.




3. Сен менин аска-зоомсуң, коргонор ______________.



4. Теңир адилеттүүлөрдүн _________ билет.



5. Теңирди ар убакта мактаймын, __________ түшүрбөй даңктаймын.




6. _______ тунук

_________ башатын

эңсегендей, менин жаным

да эңсейт Сени, Кудайым!



## Билесиңби?

Алачыкчы канаттуунун эркеги ургаачысына кадимкидей эле алачык куруп берип, жанындагы аянтчаны ар кандай кооз нерселер, гүлдөр, үлүлдүн кабыктары менен кооздоп берерин билесиңби?



*Сүрөтүн тарткан – Александр МИКУСЕВИЧ*





*Петер МАРТИН*

***Элчилердин иштери 8–9, 13–20-бөлүмдөр (М.т.к. 49–52-жылдар)***

# Корунттагы насаат сөз

Адамдарга Машайак жөнүндө айтып берген адамдардын бири Пабыл деген адам болгон. Дамаска бара жатканында жолдон Ыйсанын үнүн угуп, Ага ишенип калганга чейин, Пабыл улутчул жүйүт болуп, Ыйсага ишенгендерди куугунтуктаган. Теңирге кайрылганынан кийин ал талыкпас миссионер болгон.



Акила менен Прискилла Пабылдын достору болчу. Алар машайакчылар болгон. Алар чатыр тигип иштешкен. Алар кана?



Чатырды канча аскер тинтип жатат?



Грек шаарларында көптөгөн айкелдер менен буркандар болгон. Айкелдерден канчаны көрүп турасың?



Ушул 3 кумураны тап.



Пабыл Корунттагы машайакчыларга дүйнөнүн сотуна кайрылбоого кеңеш берген. Талашып-тартышып жаткан эки соодагерди тап.



Пабылдын достору Сылас менен Тиметей ага Корунтта жолугушкан. Аларды көрүп жатасыңбы?



Пабыл ишенгендер өлүмдөн коркпошу керек, анткени Ыйса өлүп, кайра тирилген деп насаат айткан. Өлүк коюуга бара жаткандарды тап.



Көчөдө коозодолгон зембилде көтөрүп бара жатышкан бай аялды көрүп жатасыңбы?



Кызыл кездемени өтө бай адамдар гана сатып ала алышкан. Аны кайсы жерде сатып жатышканын тап.





*Сүрөтүн тарткан – Петер КЕНТ*

Кызыктуу окуяларды айтып берип жаткан кишини көрүп жатасыңбы? Аны балдар угуп турушат.



Жемиш сатылган дүкөнчөнү тап.



Нан сатылган дүкөнчөнү тап.



Ит сөөк кемирип жатат. Аны көрүп жатасыңбы?



Пабыл өзү барган шаарлардагы машайакчыларга кат жазган. Базарды аралап чуркап бара жаткан кабарчыны тап.



Императордун сүрөтүн тап.



Машайакчыны буркандарга багышталган этти жесе болобу деген суроо тынчсыздандырган. Эт саткан кишини тап.



# Роберт Бойль

*1627–1691*



***Улуу Китепти ачып, жер бетиндеги эң бай кенчти тапкан бай графтын тарыхы.***

## *Кичинекей граф*

Көп сандаган бөлмөлөрү бар, сырдуу өткөөлдөрү бар, айланма тепкичтү эбегейсиз Ирландия сепилин каминдерде күйүп турган оттор, шаманалар менен шам чырактар жарык кылып турчу. Сепилдин коридорлорундагы өтмө желден оттордун жалыны ийреленңдеп, шыпта жана түнкүсүн сырткы жыгач эшиктери менен жабылган караңгы терезелерде көлөкөлөрдүн таң калыштуу кыймылдуу оюнун пайда кылчу. Кыскасы, күн көбүнчө бүркөк болуп, деңизден катуу шамал уруп, муздак жамгыр жаап



***Роберт Бойлдун скульптурасы. Ыйык Патрик собору, Дублин***

тургандыктан, терезенин сырткы жыгач эшиктери күндүз деле жабык турган учурлар көп болчу. Андайда бозомтук тартып аткан таң байкалбай эле күүгүмгө орун берип, күн тез эле өтүп кеткендей туюлчу.

Кичинекей граф Роберт көптөгөн сааттарын уктоочу бөлмөсүндө өткөрчү. Бала капаланып, жалгызсырап отурчу. Атасы көп сандаган ээликтерине барып-келип, көбүнчө үйдө болчу эмес. Байке-эжелери өз иштери менен алек болуша турган. Апасы эле жанында болгондо эмне… Бирок апасы анын эсинде дээрлик жок, анткени ал каза болгондо Роберт үч гана жашта болчу. Бакчага чуркап чыгып, ат минип, жээктеги аскага чыгып келсечи?! Бирок ден соолугу начар болгондуктан, бала сыртта көпкө сейилдеп жана кыймылдуу оюндарга катыша алчу эмес. Китеп окуу жана баккан аялдын аңгемелерин угуудан башка аргасы жок эле. Бала сегиз жашка чыкканда, атасы аны Англияга, эң белгилүү окуу жайлардын бири болгон Итон колледжине окууга жиберет. Үч жылдан кийин Роберт өзүнүн насаатчысы менен чогуу Швейцарияга кетет, ал жактан математика, философия жана укук илимдерин үйрөнөт.

## *Үйдө жалгыз*

Роберттин атасы, Англия ханышасы Елизаветанын таасирдүү төрөсү, бай граф Ричард Бойль өзүнүн он үчтөгү уулуна Столбридж ээлигин калтырып, көз жумат. Ошентип, он жети жашында Роберт кыштакта кечил болуп, элден бөлүнгөн, тынч жашоого өтөт. Анын жумшак, ийкемдүү мүнөзү, табийгатка



***Итон колледжи, 1690-ж.***

кызыкканы, ак сөөктүк амбицияларынын жоктугу, светтик жашоого кызыкпаганы королдуктун эң каардуу мезгили болгон граждандык согуш учурун тынч жашап өтүүгө мүмкүндүк берди.

Бойлдордун үй-бүлөсү протестанттык багыттагы ишенгендер болчу. Роберт бала чагынан жыйынга барып, диний эрежелерди билген, өзүн ишенген адам деп эсептеген. Бирок өлкөнүн башына

*Р. Бойлдун аспаптарынын сүрөтү, 1661-ж.*




*Р. Бойлдун «Кудайга болгон сүйүүдөн жаралган айрым сыйынуулар жана ой-толгоолор» аттуу китеби, 1665-ж.*

түшкөн апааттар анын ишенимин олку-солку кылган. Шектенүүлөрүнө каршы күрөшүү үчүн жигит таасирдүү каражатты колдонгон – ал Ыйык Жазууну түп нускасында окуп чыгууну чечкен. Ал үчүн алгач еврей жана грек тилин үйрөнүүгө туура келген. Кудай Сөзүн терең ойлонуп окуу өз жемишин берген: Роберт куткарылганына, Теңирдин акылмандыгы менен сүйүүсүнө бекем ишенимге ээ болгон. Роберт Бойль илимге канча күчү менен убактысын жумшаса, Теңирге кызмат кылууга да андан кем эмес күчү менен убактысын жумшап, өмүрүнүн акырына чейин жакшы машаякчы болгон.

## Кудай жана илим

Ишеним менен илим Роберт үчүн бир бүтүн нерсе эле. Бул экөөнү ал бөлгөн эмес, анткени ишеним Кудайды рухий тажрыйбасы аркылуу таанууга мүмкүндүк берсе, курчап турган дүйнө менен анын мыйзамдарын изилдөө Теңирдин таң каларлык акылмандыгын таанып билүүгө мүмкүндүк берген. Граждандык согуш жылдарында Роберт Бойль бүт дүйнөгө тез эле таанылган чыгаан окумуштуу жана экспериментатор болуп чыккан. Өзүнө мураска калган байлыгынын аркасында Роберт Индиядагы миссионердик кызматка өмүр бою колдоо



*Столбриджеги ээлиги*

көрсөтүп, машайакчылык мазмундагы адабияттарды жазып, басып чыгарып, Библияны ирландиялыктардын тилине жана гэль наречиесине которгон. Жыл сайын өткөрүлүүчү Бойлдун окуусу деп аталган теологиялык окууга жетекчилик кылган.

1654-жылы Роберт Бойль Оксфордго көчүп барып, ал жерде эксперименталдык лаборатория уюштурган. Ага баары кызык эле: медицина, айыл чарбасы, астрономия, философия. Бирок алда канча зор салымды ал физика менен химияга кошкон.

## Улуу машайакчынын улуу ачылыштары

Роберт Бойлду баары мектеп партасынан эле физика окуу китептериндеги Бойлдун – Мариоттун газ мыйзамы деп аталган мыйзамынан улам таанышт. Бул окумуштуу вакуумду да изилдеген. Латын тилиндеги «вакуум» деген, «боштук» дегенди түшүндүргөн терминди дал ушул адам киргизген. Бойлдун химияга кошкон салымы өтө зор. Анын рецепти боюнча жасалган сыя жүз жылдан ашуун убакыт бою бүт дүйнө жүзүндө чыгарылып келген.

Роберт Бойлдун жетишкендиктерин санап отурса өтө көп. Ал атактуу, таасирдүү адам болгон, ага карабастан, жөнөкөй бойдон калган. Анын үйү илимге кызыккан ар бир адамга, ал эми капчыгы муктаж болгон ар бир адамга ачык эле.

Роберт Бойлдун чын жүрөктөн чыккан, жалындуу ишеними баарыга белгилүү болчу. Ал ошол ишенимин өмүр бою сактаган, ал эми илимий ачылыштары дүйнөдөгү бардык нерсени, анын ичинде адамды да, ажайып жана акылман Теңир Өзүнүн даңкы жана жакшы иштер үчүн жаратканын ырастап гана турган.

*Нагима ОРОЗБЕКОВА*

# МЕН КИММИН?

*Уулай АБДЫБАКИЕВА*

Мени Кичи Азиядан жана Европадан, мисалы, Орусиядан көрүүгө болот. Андан сырткары, биз Техаста (АКШ) да барбыз. Биз талаалардагы арасына жашынса боло турган узун чөптөр менен бадалдардын арасында өзүбүздү эң жакшы сезебиз.

Жазында жана жайында биз түнкүсүн жана күүгүмдө, ал эми кышында таңга жуук активдүүбүз. Рационубузга чөптөр, козу карындар, мөмөлөр жана дарактардын жаш бутактары кирет. Жылдын суук мезгилинде кар астында калган жалбырактарды, эски өсүмдүктөрдү жана жаңгактарды туягыбыз менен тээп, таап жейбиз, атүгүл, дарактардын кабыгын жана кызыл карагайдын ийнелерин жегенге да даяр болуп калабыз.

Денебиз чоң, жүнүбүз күңүрт кызгылт түстө болуп, койкойгон кыска буттарыбыздын учунда курч туяктарыбыз бар. Эркегибиздин башында бир нече бутакчасы бар, жуп мүйүз болот, ал эми ургаачыбызда мүйүз болбойт. Күзүндө эркектерибиздин мүйүздөрү түшөт.

Бизге сүлөөсүндөр менен карышкырлар аңчылык кылышат, ал эми жапайы канаттуулар, түлкүлөр жана жапайы иттер көбүнчө алсыз, кичинекей балдарыбызга кол салышат. Бирок бул жагынан да Кудай биздин коопсуздугубуз үчүн кам көрүп койгон. Боюбуздун жапыз болгону бадалдардын, узун өскөн чөптөрдүн арасынан көрүнбөй калууга жардам берет. Көбүнчө калың дарактарга жашынабыз, ал эми ала була түстөгү жүнүбүз токойдун түсүнө жана былтыркы жалбырактардын түсүнө айкалышып, билинбей калат.

Карылуу буттарыбыз алты метрге чейинки узундукка жана эки метр бийиктикке секирүүгө, саатына 60 км ылдамдыкта чурканганга жардам берет. Көпкө чейин мындай ылдамдыкта чурка албастыгыбыз да чын, бирок артыбыздан кууп келе жаткан жырткычтан кутулуп кетүү үчүн, анча чоң эмес секиригибиз деле жардам берет. Биз орто эсеп менен 10 жыл жашайбыз.

Библияда, 41-Забурда Дөөт өзүнүн Кудайды эңсегенин биздин тукумдагы бир жаныбардын сууну эңсегенине салыштырган: «Бугу тунук суунун башатын эңсегендей, менин жаным да эңсейт Сени, Кудайым». Биз да, бугуларга окшоп, сууну бат-баттан жана көп ичебиз, ошондуктан суусу бар жерлерге жакын жүргөнгө аракет кылабыз. Бирок мен бугу эмесмин. Кимдир бирөө мени карап туруп, бугу деши мүмкүн, бирок андай эмес. Бугулар менден алда канча чоң болот, ал эми менин салмагым 60 кг ашпайт, боюм 70–80 см гана жетет.

Латын тилиндеги Capreolus деген аталышымды мен эчки менен (Capra) айрым окшоштугум үчүн алгам. Орус тилиндеги жапайы эчки, элик деген маанини берген атым ошондон улам. Башка версия боюнча, менин орус тилиндеги аталышым (косуля) каректерим чалырдай жайгашканына байланыштуу. Мен, болгону, ***нпижпцє*** , бугу түркүмүнө кирген, анча чоң эмес, келишимдүү жаныбармын!




*Сүрөтүн тарткан – Наталия ЖУРАКОВСКАЯ*

# КОЛГО ЖАСАЛГАН СЕБЕТЧЕ

**Сага булар керек болот:**

1. Стакан
2. Картон
3. Скрепкалар
4. Каалагандай түстөгү токуу жиби
5. ПВА клейи, курулушта колдонулуучу же ысык клей





**1.** Стаканды сыртынан картон менен оро. Кагаздан аны керектүү бийиктикте кылып кесип ал, ашыкча жерлерин кесип ташта. Картондун четтерин скрепкалар менен кыпчыт.



**2.** Картондон стакандын түбүнүн өлчөмүндөй тегерек кесип ал. Стакандын түбүнө жипти спираль түрүндө оро башта. Жиптин ар бир сантиметрин чаптап жүрүп отур.

**3.** Стаканды көмкөрүп, жипти стакандын бооруна айланта ороп, ар бир оромду чаптап кете бер. Жип тыгыз оролсун, ачык жерлер калбагыдай болсун. Аягында жипти кесип, учун картонго чапта. Стаканды себетчеден алып ташта.



**4.** Эми себетчени кооздо. Сүрөттө көрсөтүлгөн идеяларды колдонсоң болот, же өзүңдүн кыялыңдагыдай кооздосоң болот.



Зоробабыл жана башкы ыйык кызмат кылуучу Жашыя Иерусалимдеги ийбадаткананын курулушун жетектеп жатышат. Ийбадаткана М.т.ч. 516-жылы бүткөн.



*Сүрөтүн тарткан –*
*Инна КОЗИНА*

# КЫШТАРДЫ ЧОГУЛТ



**Ийбадаткананын куруучуларына мүмкүн болушунча көп кыш чогултканга жардам бер. Старттан марага чейин ар кандай жолдор менен өтүүгө болот, бирок көбүрөөк кыш чогултканга сага жардам бере турган жолду тап. Жебелердин багыты боюнча гана жүр. Эң көп кыш чогултандыкы 43 болот! Эмесе, алга!**




*Сүрөтүн тарткан – Александр МИКУСЕВИЧ*









**Салам, «Наристе»!** *Сенин жаңы сандарыңды окуп турууга мүмкүнчүлүгүбүз бар болгону үчүн кубанычтабыз. Биз үчүн бул – кызыктуу аңгемелер, ачылыштар, баяндар менен жолугушуу мүмкүнчүлүгү. Бул сонун жана абдан керектүү журналды жараткан бардык авторлор менен сүрөтчүлөргө чоң рахмат! Журналды мүмкүн болушунча көп балдар окушун каалайбыз. Кудай сиздердин бул ишиңиздерге батасын берсин! («Наристенин» кат куржунунан)*



Эшалиев Анарбек, 10 жаш, Кызыл-Аскер

**22-23-беттин жооптору:**

16. Корунттагы насаат



Прискила 1
Акила 2
Чатырды тинтип жаткан аскерлер 3, 4, 5
Айкелдер 6, 7, 8
Кумуралар (чопо идиштер) 9, 10, 11
Талашып-тартышып жаткан соодагерлер 12, 13
Сылас 14
Тиметей 15
Базарды аралап чуркап жүргөн кабарчы 16
Императордун сүрөтү 17
Этчи 18
Сөөк мүлжүп жаткан ит 19
Нан сатылган дүкөнчө 20
Жер-жемиш сатылган дүкөнчө 21
Окуяларды айтып берип жаткан адам 22
Кызыл кездеме сатылган дүкөн 23
Коолдолгон зембилде бара жаткан бай аял 24
Өлүк коюуга бара жаткандар 25



Адилетова Аяна, 8 жаш, Новопокровка



Эшалиев Байэл, 9 жаш, Кызыл-Аскер



Абазова Адиль, 8 жаш, Учкун

Эң башында Кудай асман менен жерди жаратты



Адилетова Аяна, 8 жаш

ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ

# Наристе

4/2021

Машайакчылардын балдарга арналган журналы
2008-жылы чыгарыла баштады
Нускасы: 2 000 даана

Журналды басып чыгарууга чын көңүлдөн берилген акча каражаттары жумшалат

Редактор: Асел Кайыпова

Редакциянын дареги:

720000 Бишкек шаары,
Башкы почтамт, а/к 2008к

© «ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ», 2021-ж.

720040, Бишкек шаары,
Тыныстанов көчөсү, 199-46
«ST.art LTD» басмаканасы

Кенже жана тестиер курактагы балдар үчүн
Мукабанын биринчи бетиндеги сүрөттү ШАКИРТ тарткан.

Инжилчи Машайакчы Баптист Жыйындары Союзунун басылмасы

## Жооптор

**2-бет:** Тырышчаактык.

**7-бет:** «Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле» (Эфестиктерге 4:32).

**8-бет:** ⟶

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ф | И | Е | Р | У | С | А | Л | И | М | Я | Т | З | К | Р | О |
| К | С | А | Ю | Ф | У | М | Т | Ү | Ю | З | Х | О | Г | Т | Ж |
| Е | П | Й | К | У | Р | У | У | Ч | У | Л | А | Р | М | Б | А |
| Д | К | П | Е | М | Н | К | И | Д | А | О | Ю | О | Е | Э | Ш |
| Р | У | Г | Н | Л | А | Ю | О | У | Д | Г | Ш | Б | Л | Д | Ы |
| А | Т | Р | П | А | Й | Г | А | М | Б | А | Р | А | Ы | Ю | Я |
| К | Ү | Т | А | Е | Л | Ө | Ч | А | П | Ю | И | Б | Ө | О | Л |
| Ы | А | М | Й | Д | А | Ю | К | Л | Н | Г | Е | Ы | М | П | Й |
| Д | Й | Я | Д | Е | Р | О | Л | Й | М | Т | Н | Л | Ж | Т | Д |
| Н | Х | З | У | Ю | Г | Т | П | А | С | А | Х | Т | Ф | Е | Р |
| А | Д | Б | Б | Г | Э | Л | Д | Е | Р | Л | Н | А | Ю | Д | Е |
| М | И | Ю | А | Р | О | Г | Л | Е | Б | И | Л | Е | Р | К | Т |
| Р | Е | Х | Л | М | К | Д | Ж | Д | Ш | Ө | П | Д | Г | Ю | Ш |
| У | Т | П | О | Г | Ю | Я | Е | Ү | З | Х | Т | М | Д | О | И |
| К | У | Д | А | Й | Д | Ы | Н | Ү | Й | Ү | К | У | Ц | Ю | Д |
| А | Ф | Л | М | Ю | А | Н | А | К | Т | А | Д | А | Б | Й | И |

**11-бет:** КРОССВОРД: УШУНЧА КӨП БАЛЫК! *Туурасынан:* 3. Жыгылып; 4. Түшкөн; 5. Бүткөндөн; 7. Ээрчип; 11. Таштап; 13. Айрыла; *Тигинен:* 1. Көрдү; 2. Эмгектенип; 6. Жууп; 8. Кол булгап; 9. Адамдарды; 10. Өтүндү; 13. Салайын;

**14-бет:** КРОССВОРД. *Туурасынан:* 1. Көгүчкөн. 2. Элизабет. 5. Кудайдын. 6. Мариям. 10. Жакан.

*Тигинен:* 3. Иордан. 4. Захария. 7. Ирод. 8. Анна. 9. Кырк. 11. Үч.

**15-бет:** 1. Адам ата (Башт. 2:20). 2. Жубал (Башт. 4:21). 3. Шемуел (1 Шем. 1:20). 4. Жакан (Мт. 3:6). 5. Сулайман (1 Пад. 6:1–2).

**19-бет:** 1. Карматты. 2. Каматты. 3. Сыйынды. 4. Уктап жатты. 5. Ойготту. 6. Кийинди. 7. Бут кийимин кийди. 8. Сыртка чыкты. 9. Шашылды. 10. Эшикти какты. 11. Үйгө киргизди. 12. Айтып берди.

**21-бет:** ЗАБУРЛАР: 1. Чепти (Заб. 17:30). 2. Кайтаруучум (Заб. 22:1). 3. Сепилим (Заб. 70:3). 4. Жолун (Заб. 1:6). 5. Оозумдан (Заб. 33:2). 6. Бугу, суунун (Заб. 41:2).

**32-бет:** Пингвин, зебра, тукан, арстан, кенгуру, ак аюу, клоун-балык, краб, кобра жылан.

# ТҮШҮНБӨСТҮК

**Бөжөк Пим токойго мөмө тергени барды. Жолдон токойдун башка жашоочуларын жолуктурду. Сүрөттөн токойдо жашабаган жаныбарлардын сүрөттөрүн таап, тегеректеп чий.**



*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*